Изденүүчү Айбашева Тазагүл Матраимовнанын 13.00.02 окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча «Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу» деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д13.23.673 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын

## БҮТҮМҮ

Эксперттик комиссиянын мүчөсү педагогика илимдеринин доктору, доцент А.С.Мукамбетова:

Изденүүчү Айбашева Тазагүл Матраимовнанын 13.00.02 окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча «Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу» деген темадагы кандидаттык диссертациялык ишин карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**: Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин (Д13.23.673) профилине туура келет. Изденүүчү Айбашева Тазагүл Матраимовнанын 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча «Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу» деген темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Диссертациялык иште 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү орто мектептердеги ортоңку класстардын кыргыз тили сабагында функционалдык стилдерди бүгүнкү күндүн талабына ылайык окутуунун

методикалык бирдиктүү системасы түзүлүп, теориялык жана практикалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

2. Диссертациялык иштин максаты катары- ортоңку класстардын кыргыз тили сабагында функционалдык стилдерди бүгүнкү күндүн заманбап технологиялардын талаптарына ылайык окутуунун методикалык бирдиктүү системасын түзүү.

Коюлган максаттар диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

1.функционалдык стилдерди окутуунун тарыхын, азыркы абалын, аны изилдөөнүн методдорун жана методологиясын үйрөнүү.

2.мектептин 9-10-класстарында функционалдык стилдер боюнча окуучулардын билим сапатын жана билгичтик деңгээлин аныктоо, аларды өркүндөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн табуу, республиканын алдыңкы мугалимдеринин, методистердин педагогикалык иш-тажрыйбаларын жалпылаштыруу;

3.жогорку класстарда функционалдык стилдерди үйрөтүүнүн методикалык негиздерин аныктап, буларды заманбап технологияларга ылайык окутуунун теориялык моделин иштеп чыгуу, методикалык усулдарды сунуштоо;

4.иштелип чыгып, сунушталган моделдин жана методикалык усулдардын натыйжалуулугун аныктоо үчүн педагогикалык тажрыйбаларды жүргүзүү жана жыйынтыктоо.

Коюлган максатка жетүүдө изденүүчү тарабынан коюлган милдеттер иште бир нече этапта аткарылган, аны аткаруу үчүн тийиштүү каражаттары менен камсыз болгон эксперимент жасоо методдору туура тандалып алынган. Изилдөө жумуштары изденүүчү тарабынан логикалык жактан туура

белгиленип, аны эксперимент учурунда жасалган жумуштар толук канааттандырып, максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн ынанымдуу түзө алган.

Диссертациянын изилдөө объектиси жалпы билим берүүчү уюмдардын негизги мектебинин (Y-IX класстар) “Кыргыз тили” сабагын окутуу процесси.

Изилдөөнүн методдору: изилдөөнүн лингвистикалык, дидактикалык, методикалык адабияттарды талдоо, окуу методикалык комплекстерди талдоо, кыргыз тилинин функционалдык стилдерин окутуунун натыйжалары үчүн педагогикалык эксперимент жүргүзүү, окуучулардын жоопторунун сандык жана сапаттык жактан талдоо.

Бул 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча изилдөөлөрдүн талаптарына туура келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**

Азыркы глобалдашуу мезгилинде педагогика илиминде эне тилин жеткиликтүү деңгээлде үйрөтүүнүн өтө оор процесси жүрүп жатат. Чынында мамлекеттик тил катары орус мектебинде окуган окуучуларга, эне тили катары кыргыз мектептеринде окуган окуучуларга, ошондой өлкөнүн бардык тармагындагы пикир алышуунун, иш кагаздарын жүргүзүүнүн тили катары толук кандуу ишке кире электигинен улам орто мектептердин ортоңку калсстарында функционалдык стилдерди окутуунун проблемаларын чечүүнүн жолдорун изилдеген. Изденүүчүнүн тандап алган темасы азыркы окуу процесси үчүн маанилүү орунду ээлейт. Анткени окуучулардын тили келегей, ойду чагылдырууда чорт, сөздү түз маанисинде түшүндүргөн абалган жетти. Сөздүн сөөлөтүн көрсөтүүчү өтмө, кыйыр, каймана, какшык сыяктуу маанилери азыркы учурда окуучулар арасында колдонулбай баратат. Изденүүчү Айбашева Тазагүлдүн изилдөөсү учурда керек актуалдуу проблеманы көтөрө алгандыгын көрсөтөт. Эгер коом талап кылып турган түрдүү чөйрөнүн өзүнө тиешелүү сүйлөө жана жазуу стилдери боло

тургандыгын эсепке алсак, педагогика илиминде акыркы он жылдыкта функционалдык стилдерди окутуу проблемасын көтөрүп чыккан изилдөө иши болбогондугун, ошого карабастан изденүүчү бул изилдөө ишине белсенип киргендиги бир топ эле колдоого аларлык көрүнүш болуп саналат. Мындай шартта функционалдык стилдерди окутуунун технологиясын иштеп чыгуу педагогика илиминин бирден бир милдети болуп саналат жана бул изилдөө иштин темасы бүгүнкү күн үчүн өтө актуалдуу. Изилденип жаткан темада бир топ карама-каршылыктар бар экендиги аныкталган:

-эне тили улуттук баалуулуктардын эң негизгиси,улуттук ой жүгүртүүнүн салттуу бир формасы катары эсептелсе да,эне тилин окутууга басым жасалбагандык;

-эне тилинин статусун жогорулатуу сунуш кылынып жатса да,анын функционалдык стилдерин окутуунун методикасы жакшы системага салынбагандыгы;

-кыргыз тили сабагында окутуу боюнча мектеп мугалимдеринин тажрыйбалары көп болгону менен аларпдын илимий жактан жалпыланып,башка практик мугалимдерге сунушталбагандыгы иштин актуалдуу экендигин аныктайт.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу**

Кыргыз тилинин функционалдык стилдерин ортоңку класстарда окутуунун илимий методикалык негиздери иштелип чыккан. Кыргыз тилинин функционалдык стилдерин окутууда сабактарга тиешелүү иштелип чыккан усулдары бирдиктүү бир системага салынган.

Диссертацияда чыгарылган ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.

1-жыйынтык жаңы, себеби кыргыз тилинде функционалдык стилдер заманбап технологияларга окутулушун зарылдыгы иштелип чыккан.

2-жыйынтык  жаңы, себеби функционалдык стилдерди үйрөтүү окутууну билим берүүчүлүк жана өнүктүрүүчүлүк максаттарынын ишке ашыруунун натыйжалуу каражаты боло алаары аныкталган.

3-жыйынтык  жаңы, себеби функцоналдык стилдерди интерактивдүү окутуу ортоңку класстын окуучуларынын түйүндүү жана предметтик компетенцияларынын калыптанышына негиз болоору аныкталган.

**Алынган жыйынтыктын практикалык баалуулугу**

Кыргыз тили предметинин программасынын жана окуу китептеринин функционалдык стилдерге тиешелүү бөлүмдөрүн тактап,методикасын өркөндөтүүгө жардамс берет Кыргыз тили боюнча сабакты изилдөөдө сунуш кылынган үлгүлөр,методдор окуучулардын өз алдынча сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө,темага болгон кызыгууларын жогорулашын шарттайт. Жогорку класстарда функционалдык стилдерди окутуу иштерин жакшыртууга,өркүндөтүүгө, алардын билим берүүчүлүк жана тарбиялык мааниснин ачылышына өбөлгө түзөт. Изилдөөнүн материкалдары мектептерде,орто жана жогорку окуу жайларында методикалык колдонмо,окуу китеби катары пайдаланылат.кыргыз тили боюнча предметтик стандартты өркүндөтүүгө жана окуу-методикалык комплекстерди даярдоого жардам берет.

**Диссертациянын материалдары төмөндөгү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулган:**

Изилденген тема боюнча 2013-2014- окуу жылынан баштап Ош мамлекеттик университетинин 3-4-курстарында «Жогорку класстарда функционалдык стилдерди окутуунун жаңы технологиялары» деген атайын курс өтүлүп жатат, илимий-практикалык конференцияларда докладдар жасалган, макалалер жазылган, Улуттук аттестациялык комиссия талап кылган басылмаларда чагылдырылган, педагогикалык эксперименттерде текшерилген.

**Айбашева Тазагүл Матраимовнанын диссертациясынын материалдарын ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй натыйжалар алынган.**

**1 –натыйжа** Кыргыз тили предметинин программасынын жана окуу китептеринин функционалдык стилдерге тиешелүү бөлүмдөрүн тактап, методикасын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтүлөөрү аныкталган.

**2-натыйжа** Кыргыз тили боюнча сабакты изилдөөдө сунуш кылынган үлгүлөр, методдор окуучулардын өз алдынча сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө,өтүлө турган темага болгон кызыгууларынын жогорулашын шарттаары аныкталган..

**3-натыйжа** Жогорку класстар функционалдык стилдерди окутуун жакшыртууга, өркүндөтүүгө, алардын билим берүүчүлүк жана тарбиялык маанисинин ачылышына өбөлгө түзөт.

**4-натыйжа** Изилдөөнүн материалдары мектептерде, орто жана жогорку окуу жайларында методикалык колдонмо, окуу китеби катары пайдаланылат жана кыргыз тили боюнча предметтик стандартты өркүндөтүүгө жана окуу-методикалык комплекстерди даярдоого жардам берет.

**Изилдөөнөнүн негизги мазмуну төмөндөгү эмгектерде чагылдырылган:**

1.Айбашева Т.М.Сынчыл ойломдун стратегиялары кыргыз тили жана адабияты сабактарында. Илимий макала. Мугалимдердин тажрыйбалары. (жыйнак) (2003)

2.Айбашева Т.М. Мамлекеттик тилге жалпыбыздын салымыбыз. макала "Мугалимдер газетасы" (2004)

3.Айбашова Т. М. Тил –улуттун атрибуту И. Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – 2018 (атайын чыгарылыш). – 129-135- бб. ISSN: 1694-7851

4.Айбашова Т. М. Ортоңку класстарда иш кагаздар стилинин лексикалык өзгөчөлүктөрүн окутуу И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – 2018 (атайын чыгарылыш). –125-129-бб. ISSN: 1694-7851

5.Айбашова Т. М. Иш кагаздарында зат атоочтун жөндөмө категорияларынын колдонулушу ОшМУнун жарчысы. – 2021. – Т.2, № 4. – 27-33-бб. ISSN: 1694-7452

6.Айбашова Т. М. Ортоңку класстарда иш кагаздарын окутуунун айрым маселелери Актуальные научные исследования в современном мире. – Украина, 2022. – Выпуск 2, часть 5. – 87-97-бб.ISSN: 2524-0986

7.Айбашова Т. М. Обучение применению категории наклонения,лица и времени глагола в официально-деловом стиле Эпоха науки. – Ачинск, 2022.

8.Айбашова Т. М. Опора на стилистику словообразования при обучении частям речи Эпоха науки. – Ачинск, 2022. – №29. – 183-187-бб. eISSN: 2409-3203

9.Айбашова Т. М. Отчет түзүүнү окутуунун усулдары Актуальные научные исследования в современном мире. – Украина, 2022. – Выпуск 4, часть 4. – 38-47-бб. ISSN: 2524-0986

10.Айбашова Т. М. Иш кагаздарында этиштин мамиле категориясынын колдонулушун окутуу. Актуальные научные исследования в современном мире. – Украина, 2022. – Выпуск 4, часть 4. – 47-54-бб. ISSN: 2524-0986

11.Айбашова Т. М. Токтомду окутуунун усулдары Окутуунун инновациялык технологиялары илимий-методикалык журнал. – 2022. №15. – 64-72. ISBN: 1694-7118

12.Айбашова Т. М. Иш кагаздарында этиштин чак жана жак категорияларынын колдонулушун окутуу Наука, новые технологиии иновации Кыргызстана. – Бишкек, 2023. –№1. – 146-150- бб. ISSN 1694-8483. ISSN 1694-8491 (эл. вар.)

13.Айбашова Т. М. Иш кагаздарын окутууда сөз түркүмдөрүнүн орду. Наука, новые технологиии иновации Кыргызстана. – Бишкек, 2023. –№1. – 150-154-бб. ISSN 1694-8483. ISSN 1694-8491 (эл.вар.)

14.Айбашова Т. М. Иш кагаздарын окутуу: окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн окуу куралы [Текст] / Т. Аширбаев, Т. Айбашова // – Бишкек, 2002. – 64 б.

15.Айбашова Т. М. Кыргыз тили: жогорку окуу жайынын математика информатика багытында окуган студенттер үчүн практикалык курстун окуу колдонмосу жана мектеп окуучулары үчүн кошумча окуулук [Текст] / Абдышова З., Айбашова Т., Мураталиева У. // - Бишкек, 2020. – 240 б.

16.Айбашова Т. М. Иш кагаздарын окутуу: бардык жогорку окуу жайларынын окутуучулары, студенттери, мектеп мугалимдери үчүн [Текст] / Айбашова Т., Кенжебаева А., Мураталиева У. // - Бишкек, 2022. – 188 б.

**8. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат негизинен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет.

**Айрым мүчөлүштүктөр:**

1.Авторефератта диссертациялык иштин методологиялык негизи берилген эмес.

2.Диссертациялык иштин 1 главасы педагогикага тиешеси жок кыргыз тилинин грамматикалык эрежелери жазылып калган.:)"Зат атоочтун грамматикалык маанисин стилистикалык негизде окутуу" деген 2 параграфта (56-бет) "Сөз жасоо жана орфографияга" 16 саат берилген деген эле бир сүйлөм менен токтолот, тагыраак айтканда зат атоочтун граматикалык маанисин стилистикалык негизде кантип окутат, кандай метод менен окутат? Ал жөнүндө эч сөз болбойт.

**Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы жетектөөчү мекеме катары Ош МПУнун Башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана усулу кафедрасын сунуштайт. Аталган кафедрада

сунушталган илимдин тармагы боюнча илимдин доктору, кандидаттары: Зулуев Б.Б.-педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.01), Касымбеков Э.А.-педагогика илимдеринин кандидаты,доцент (13.00.01), Миңбаева К.Б-педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02), Байышева Г.Ж илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02),Арынбаев Э.К. –педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02), Абдывасиева З.-педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02), Турдубаев К.Т.-педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02) ж.б адистер эмгектенет.

**Эксперттик комиссия расмий оппоненттер катары төмөнкү адистерди сунуш кылат: Биринчи расмий оппонент** катары КББАнын башкы илимий кызматкери (авторефераттагы адистиги -13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили), педагогика илимдеринин доктору, профессор К.Д.Добаевди сунуш кылат. Негизги илимий эмгектери:

1.Кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу ALATOO ACADEMIC STUDIES – 2022. - № 2. – С. 41-49.

2.Значение слова с национально-культурны. Сборник материалов Международного научного конгресса “Русский язык в глобальном научном и образовательном пространстве”. – 6-10 декабря 2021. – С. 444-447.

3. Окутуу технологиясындагы мультимаданий компетенциянын ролу жана мааниси. . -2023.- № 1-2. -С. 15-21

4. Школьное образование Кыргызстана в эпоху глобализации .Материалы Межд. научно-прак.конф. «Модернизация системы образования в условиях глобализационных процессов», посвященной 90-летию

Заслуженного деятеля науки, доктора педагогических наук, профессора Рахимовой М.Р. и 20-летию со дня образования Института. – 15 мая 2019.

**Экинчи расмий оппонент** катары педагогика илимдеринин кандидаты, доцент. Г.И.Сагымбаеваны сунуштайт. Негизги илимий эмгектери:

1. «Кыргыз тилин окутууда накыл сөздөрдүн мааниси», Современные проблемы социально-гуманитарных наук . Научно-теоретический журнал №2 (10) 2017, Казань 41-43-бб

2. «Кыргыз тилин эне тили катары окутууда келечек муунду сөздү баалоого тарбиялоо». Современные проблемы социально-гуманитарных наук. Научно-теоретический журнал №2 (10) 2017, Казань 41-43-бб

3, «Башталгыч класстарда Ч.Айтматовдун чыгармаларын таасирдүү, ачык-айкын окутууга (көркөм окутууга) үйрөтүүнүн айрым ыкмалары». И.Арабаев ат. КМУнун Жарчысы , II бөлүк, -Б., 2018, 177-180 беттер.
4. Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин башталгыч класстарында кыргыз тилин окутуунун методикасы (башталгыч орус мектептеринин “Мектепке чейинки балдардын кебин өстүрүүнүн айрым жолдору”, IX Эл аралык илимий практикалык конференция, Казакстан г. Нур - Султан, 2020

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы изденүүчүнүн документтерин карап чыгып И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д13.23.673 диссертациялык кеңешине адистиги боюнча 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн изденүүчү Айбашева Тазагүл Матраимовнанын «Орто мектептерде функционалдык стилдерди

окутуу» деген темадагы диссертациялык ишин айтылган емчиликтерди ондогондон кийин коргоого кабыл алынуусун сунуш кылат.

Эксперт п.и.д., доцент А.С.Мукамбетова

Кол тамганын далилдүүлүгүн тастыктайм. А.Жайнакова

Дата поступления заключения в ДС D13.23.673 31.10.2024

Уч. секр. Омурбаева Д.К

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
ОК:
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ